**АЧЫК ОФЕРТА**

Бул ачык Оферта (мындан ары «Оферта») юридикалык жана жеке жактарга даректелген жана Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесинин 2-пунктуна ылайык “Связной Мир” ЖЧКсынын төлөө терминал аркылуу төлөмдөрдү Офертада көрсөтүлгөн шарттарда кабыл алуу кызматы жөнүндө келишим түзүүгө багытталган расмий коомдук (ачык) сунушу.

Оферта келишимдин бардык олуттуу шарттарын камтыйт, Аткаруучунун Офертада көрсөтүлгөн шарттарда аныкталбаган үчүнчү жактардын чөйрөсү менен келишим түзүүгө эркин билдирет. Келишим жеке жана юридикалык жактардын Офертада көрсөтүлгөн жана Офертанын бардык шарттарын кандайдыр бир кемитүүсүз же чектөөсүз өзгөртпөстөн кошулуу шартына мааниси бар кыймыл-аракет жасагандан баштап түзүлгөн болуп эсептелет жана күчүнө кирет.

Келишим Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин, Кыргыз Республикасынын “Төлөө системасы жөнүндө” Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын нормативдик актыларынын талабына ылайык түзүлдү.

Келишим аны Төлөөчү ушул Офертага ылайык акцепт кылгандан (кабыл алгандан) баштап күчүнө кирет жана келишимдин тараптары милдеттерин толук жана тийиштүү түрдө аткарган учурга чейин күчүндө калат.

## 1. ТЕРМИНДЕР

1.1. **Аткаруучу** – Ушул Оферта боюнча Аткаруучу болуп төмөнкү тарап эсептелет: «Связной Мир» ЖЧК, жайгашкан жери (юридикалык адреси): Кыргыз Республикасы, Баткен областы, Кадамжай району, Кадамжай ш., Гагарин көчөсү, 175-үй, 2-батир, ИСН 02701201510034, ИУЖК 28818357, каттоо номери 143787-3309-ЖЧК, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын лицензиялары:
- 2016-жылдын 29-январындагы №3014060715 (өз иш натыйжасы болуп саналбаган, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү кызматтарды үчүнчү жактардын пайдасына, маалымат технологияларына жана электрондук каражаттарга, төлөмдөрдү өткөрүү ыкмаларына негизденген төлөм системасы аркылуу көрсөтүү);
- 2016-жылдын 29-январындагы №2015060715 (үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматтарды (процессинг, клиринг) кабыл алуу, иштеп чыгуу жана сунуштоо боюнча кызматтарды төлөм системасынын, ошол процессинг, клиринг борборунун катышуучуларына көрсөтүү).

1.2. **Төлөөчү** – бул Сатуучунун дарегине сатып алынган товар, жасалган жумуш же көрсөтүлгөн кызмат үчүн каржы милдеттерин аткаруу үчүн, ошондон эле салык, төлөм, пошлина, каржы айып, айыппул жана башка төлөмдөрдү жасоо милдеттерин аткаруу үчүн Терминал аркылуу Төлөм жасаган жак.

1.3. **Сатуучу** – бул Төлөөчү тарабынан кандайдыр бир каржы милдеттерин аткаруу максатында Терминал аркылуу төлөм багытталган жак.

1.4. **Төлөм** – бул Төлөөчүнүн Сатуучудан алган товардын, жумуштун же кызматтын акысы катары Аткаруучу тарабынан Терминал аркылуу кабыл алынган Кыргыз Республикасынын валютасында (сом) көрсөтүлгөн накталай акча каражаттары.

1.5. **Терминал** – бул Аткаруучунун өкүлү катышпастан өзүн-өзү тейлөө режиминде иш алып барган Аткаруучунун Төлөөчүдөн Төлөмдү кабыл алуу үчүн түзүлүш.

## 2. ОФЕРТАНЫН ПРЕДМЕТИ

2.1. Аткаруучу Төлөөчүгө Терминал аркылуу Төлөмдөрдү кабыл алуу кызматын (мындан ары “Кызмат”) көрсөтүүгө милдеттенет, ал эми Төлөөчү ал үчүн Терминалда көрсөтүлгөн өлчөмдө сыйакыны (комиссияны) төлөөгө милдеттенет.

2.2. Төлөөчүнүн Сатуучунун пайдасына Төлөм жасоо үчүн Терминалды колдонуу кыймыл-аракети бул Офертаны толугу менен жана өзгөртүүсүз конклюденттик кыймыл-аракет аркылуу жасалган акцепти (кабыл алуусу) болуп каралат.

2.3. Төлөм жасоо үчүн, Төлөөчү Сатуучуну өз алдынча тандайт жана Терминалдын бетинде көрсөтүлгөн тийиштүү терезечелерди жана формаларды толтуруп, Терминалдын акча кабыл алгычына акчаны бир-бирден салат.

2.4. Терминалды колдонуу менен Сатуучунун пайдасына жасалган ар бир Төлөм ушул Офертада көрсөтүлгөн шарттарда түзүлгөн келишим болуп саналат.

2.5.

2.6. Терминал аркылуу өткөрүлгөн Төлөмдөр Аткаруучудан Төлөмдү аткарууга кабыл алынгандыгы тууралуу Билдирүү алган жана/же Төлөмдүн жасалгандыгын тастыктаган чек берилген учурдан тартып кайтарымсыз болуп саналат, жана накталай акча

каражаттарын Терминалдын акча кабыл алгычына салган жана ошону менен бирге Сатуучунун эсебине чегерилген учурда акыркы болуп саналат.

## 3. КЫЗМАТТЫН НАРЫ

3.1. Кызматтын наркы Аткаруучу тарабына Төлөөчү жасаган Төлөмдүн суммасынан пайыздык катыш жана/же ар бир төлөм үчүн бекитилген акча суммасы катары аныкталат.

3.2. Кызматтын наркы Төлөм жасоодон мурун Терминалдын бетинде көрсөтүлөт жана Төлөөчүнүн Терминалды колдонууну улантуусу Төлөөчүдөн алынчу Кызмат наркынын өлчөмү менен макулдугу деп бааланат.

3.3. Кызматтын наркы Төлөөчү Төлөм катары салган суммадан алынат.

## 4. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

### 4.1. Аткаруучунун милдеттери:

4.1.1. Терминал жайгашкан жердин иш убактысынын ичинде Төлөөчүгө кызмат көрсөтүү;

4.1.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын талаптарына ылайык Төлөмдөрдү кабыл алуу тартибин сактоо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын террористтик ишмердүүлүктү жана кылмыштуу кирешелерди адалдаштырууга каршы иш алып баруу мыйзамдарынын талаптарын аткаруу;

4.1.3. Терминал жайгашкан ар бир жерде Төлөөчүнү төмөндөгү маалымат менен камсыз кылуу:
- Аткаруучунун аты-жөнү, байланыш маалымат жана жайгашкан жери;
- Аткаруучунун лицензиясынын номери жана берилген күнү;
- Төлөөчү төлөй турган комиссиянын өлчөмү;
- Арыздарды берүү жолдору;
- Аткаруучунун call-центринин номерлери.

4.1.4. Төлөмдү жасоо үчүн Терминалды колдонуу боюнча кыскача маалымат/жобо менен Төлөөчүнү тааныштырууга мүмкүнчүлүк берүүгө;

4.1.5. Төлөмдү жасоодон мурда Төлөм жасоо үчүн алынчу комиссия тууралуу маалымат берүү жана, Кызмат көрсөткөн үчүн кабыл алынган суммадан кармалып калган комиссиянын суммасы тууралуу Төлөөчүгө маалымат берүү;

4.1.6. Төлөм кабыл алынгандыгын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тастыктоо катары Терминалды чек берүүчү түзүлүш менен жабдыктоо жана кабыл алынган сумма, комиссиянын суммасы жана башка Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык маалыматтарды камтыган чек берүү;

4.1.7. Терминалда профилактикалык техникалык жумуштарды аткаруу жана анын иштөөсүн камсыз кылып турууга жоопту жакты дайындоо же Терминалдарды тейлөө үчүн келишим түзүү.

### 4.2. Аткаруучунун укуктары:

4.2.1. Терминалдын бетинде көрсөтүлгөн өлчөмдө ушул Офертанын шарттарына ылайык Төлөмдү кабыл алгандыгы үчүн Төлөөчүдөн комиссия алууга;

4.2.2. Техникалык мүмкүнчүлүк болбогон учурда Кызмат көрсөтүүнү токтотууга;

4.2.3. Ушул Оферта бир тараптуу өзгөртүү жолу менен Кызмат көрсөтүүнүн шарттарын өзгөртүүгө;

4.2.4. Төлөмдү Сатуучунун пайдасына жасоо максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын төлөө уюмдарына (төлөө системасынын операторлоруна) багытталган талаптарын аткаруу үчүн Терминалды колдонууда Төлөөчү тарабынан көрсөтүлгөн жеке жана башка маалыматтарды колдонууга;

4.2.5. Терминал кабыл алчу акчанын номиналдары боюнча, ошондой эле бир Төлөөчү жасоочу Төлөмдүн бир эсеп боюнча жана/же бир сеанстын ичиндеги жана/же бир күндүн ичиндеги минималдык жана максималдык өлчөмүнө чектөө киргизүүгө.

### 4.3. Төлөөчүнүн милдеттери:

4.3.1. Терминал аркылуу Төлөө жасоодон мурда ушул Офертанын шарттары менен кылдаттык менен таанышып чыгуу, жана алар менен толук түрдө макул болгондо гана таанышкандыгын жана макулдугун Төлөө үчүн акча салуу жолу менен тастыктоо. Эгерде Төлөөчү ушул Офертанын кандайдыр бир шарттары менен макул болбосо, ал ушул Офертанын шарттарында келишим түзүүгө барбай, Төлөө жасоо үчүн Терминалды колдонуудан баш тартууга милдеттүү.

4.3.2. Төлөмдү тийиштүү суммада жасоо үчүн акчанын санын жана номиналы өз алдынча аныктоо. Ушуну менен Төлөөчү Терминал кабыл алынган акчаны кайра кайтарбасын жана салынган суммадан кайтарым берилбесин билет жана макул экендигин тастыктайт.
4.3.3. Көрсөтүлгөн кызмат үчүн Аткаруучуга комиссиянын сумманын төлөө;
4.3.4. Терминал аркылуу Төлөм жасоо үчүн керектелчү Сатуучунун реквизиттерин туура көрсөтүү. Төлөөчү Сатуучунун реквизиттерин ката кылып көрсөткөндөн келип чыккан Төлөөчүнүн чыгымдары үчүн Аткаруучу жооптуу эмес.
4.3.5. Сатуучудан Төлөмдүн каржы милдеттерди аткаруу эсебине чегерилгендиги тууралуу маалымат алганга чейин Төлөмдүн жасалгандыгын жана Кызматтын көрсөтүлгөндүгүн тастыктоочу Терминалдан алынган квитанцияны сактоо;
4.3.6. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан чыгарылган бир гана анык (жасалма эмес) банкнотторду колдонуу. Төлөөчү жасалма банкнотторду колдонгондугу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык укуктук жоопкерчиликке тартылат.

**4.4. Төлөөчүнүн укуктары:**
4.4.1. Кызматтын сапаты жана мөөнөтүнө байланыштуу арыздарды/доолорду Аткаруучуга жазуу түрүндө берүүгө;
4.4.2. Жасалган Төлөмдүн абалын текшерүү максатында арыз жазуу жене call-центрге чалуу аркылуу суроо-талап менен кайрылууга;
4.4.3. Төлөмдүн идентификациялык маалыматтарын кокустан туура эмес көрсөтүп алса жана Төлөм туура эмес маалымат боюнча чегерилген болсо, Аткаруучуга суроо-талап менен кайрылууга.

## 5. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ
5.1. Ушул Офертанын шарттары аткаруу үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталат.
5.2. Акыркы аппараттык-программдык каражаттар Аткаруучунун башкаруусунда жана жоопкерчилигинде эмес болгондугуна байланыштуу, Аткаруучу Төлөмдүн Сатуучунун эсебине өз убактысында чегерилишине жооптуу эмес.
5.3. Төлөөчү Терминалды колдонуу боюнча жободо көрсөтүлгөн чектөөлөрдү бузгандыгы үчүн Аткаруучу жооптуу эмес.
5.4. Аткаруучуга тиешелүү эмес жабдыктар же программдык каражаттар бузулган учурда, Кызмат көрсөтүүдөгү тыныгуулар үчүн Аткаруучу жооптуу эмес.
5.5. Сатуучунун идентификациялык маалыматтарын Төлөөчү тарабынан киргизилишинин тууралыгына Аткаруучу жоопту эмес.
5.6. Эгер Аткаруучу алдын ала көрө албаган жана акылга сыярлык жолдор менен пайда болуусун алдын ала албаган, келишим түзүлгөндөн кийин келип чыккан жагдайлардын (форс-мажор) кесепетинен улам ушул Офертадагы өз милдеттерин аткара албаса, Аткаруучу бул үчүн жооптуу эмес. Ушул Офертанын максаты үчүн алдын алып болтурбай коюуга мүмкүн болбогон жагдайларга, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жагдайдардан сырткары, телекоммуникациялык жана энергетикалык тармактагы бузулуулар, ошондой эле Аткаруучунун жана/же Сатуучунун программдык-аппараттык комплекстерин иштен чыгарууга багытталган үчүнчү тараптардын мыйзамсыз иш-аракеттери да кирет.
5.7. Сатуучу менен Төлөөчүнүн укуктук мамилелери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тескелет. Аткаруучу бул укуктук мамилелердин тарабы болбогондугуна байланыштуу Аткаруучу Төлөөчү жана Сатуучунун арасындагы талаш-тартышка кийлигишкенке акысы жок.

## 6. ТАЛАШ-ТАРТЫШТЫ ЧЕЧҮҮ ТАРТИБИ
6.1. Келишимди аткарууда Тараптардын арасында пайда болчу бардык талаш-тартыштар жана келишпестиктер алдын-ала доо берүү тартибинде чечилүүгө жатат.
6.2. Аткаруучу өз милдеттерин тийиштүү түрдө аткарбаган учурда, Төлөөчү Терминалдын бетинде көрсөтүлгөн call-центрдин телефондору аркылуу жана/же Аткаруучунун Терминалда жана ушул Оферта көрсөтүлгөн дареги боюнча кабарлоого укуктуу.
6.3. Доолор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жана мөөнөттө каралат. Жооп Төлөөчү доосунда көрсөткөн дарек боюнча жиберилет.

6.4. Берилген доо боюнча Төлөөчү менен Аткаруучунун ортосунда келишүүгө жетпеген учурда, талаш-тартыш Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте каралат.

## 7. СОҢКУ ЖОБОЛОР

7.1. Ушул Оферта менен тескелбеген маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын нормативдик актыларына, төлөө системасынын эрежелерине жана Аткаруучунун башка ички актыларына ылайык тескелет.